**№19 А.Казаков атындагы орто мектебинин кезектеги педагогикалык кеңешмесинин**

# № 2 ТОКТОМУ.

**Бүргөндү айылы** **21.11.2022-ж**

**Катышты: 57**

**Катышпады: 3**

## КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕЛЕР.

1. 2022-2023-окуу жылында окуу тарбия иштери боюнча аткарылган иштер тууралуу отчёт.
2. Тарбия иштер боюнча отчёт.
3. Мектептеги социалдык иштердин абалы боюнча отчёт.
4. Ар түрдүү маселелер.

**УГУЛДУ**: Пед кеңешмени мектеп директору У.Олкасимов ачып, каралуучу маселелер менен таныштырды.

1-маселе боюнча ОББ С.Кадыркуловага сөз берилди. Ал өз сөзүндө 1 –чейректин башталышында мугалимдер жылдык календардык пландарын бекиттирип, ар бир класс үчүн журналдар ачылып, предметтерге бөлүү менен башталганын айтты. Чейрек башында окуучунун жалпы саны 905 окуучу болсо, чейрек аягында 878 окуучу калды. Чейрек ичинде 31 окуучу кетип, 4 окуучу келген. Жалпы эркек балдар 420, кыздар 458 кыз. 1-чейректин жалпы билим сапаты 39,6 % түзгөн. Ар бир класстын билим сапаты окуп угузду. 1-чейректе билим сапаты төмөн көрсөткөн класстар 7 "в" 29 %, 5 "а" 26 %,10 "б" 30 % берген. Ушул класстарга 2-чейрек ичинде мектептин ички көзөмөлү боюнча текшерүү коюлушу айтып өтүлдү. Чейрек ичинде пландын негизинде МИК башталгыч 3-4 класстарда жүргүзүлгөндүгү айтылып, текшерген мугалимдер текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча спаравкаларын тапшырышкан . 3-4-класстарда билим сапаты кандай экендыгын УБ төрайымы Каримова Кумуш отчёт берди. Отчётко чейин толтурулбаган журналдар бар экендиги айтылып, ката кетирген мугалимдерге чара колдонуу сунушу айтылды. Насаатчылар жаш мугалимдерге кандай жардам берип жаткандыгы тууралуу маалыматты жазуу түрүндө толтуруп баруу керектигин айтылды. Отчётто белгиленген иш кагаздарын тапшыра элек мугалимдерге пед кеңешменин токтомунун негизинде чара колдонуу белгиленди.

**СУНУШ**: Мектеп директору У.Олкасимов 1-чейректе төмөн билим сапатты көрсөткөн 7 “в”, % “а”, 10 “б” класстарынын класс жетекчилери жана сабак берген мугалимдерден себептери суралып талкууланды.

11-класска сабак берген орус тилчи мугалим жаш болгондугуна байланыштуу усулдук жардам көрсөтүү, же башка орус тилчи мугалим менен алмаштыруу белгиленди.

**СУНУШ**: ОББ С.Кадыркулова. Бүгүнкү күндүн талабы билимдүү ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялап чыгууда биздин мугалимдердин иш аракеттери солгундап кеткендигине байланыштуу ар бир мугалим өзүнүн үстүндө каттуу иштеп, изделип “Канткенде мен билим сапатымды көтөрө алам” деген теманын негизинде кошумча план түзүүсүн сунуштайм.

Ал пландын аткарылышын ар жума мектеп администрациясы көзөмөлдөп текшерип ишке ашып-ашпаганын пед кеңешмеде талкууга коюсун сунуштайм.

Китепканачы да ар жума мектептин кезексиз пед кеңешмесине класс жетекчилер окуучуларынын китептерине болгон мамилесин, пайдалануусун, мектепке алып чыгуусун текшерип жыйынтык берүүсүн сунуштайм.

Ар бир бирикме жетекчи бирикмелердеги мугалимдердин өз предметине болгон мамилесин сабактарына 1-чейректе баарына кирип туура анализ берүүсүн сунуштайм.

Тарбиялык завуч Н.Эргешова ар бир класс жетекчи тарбиялык мааниси бар иш чараларды өттү боюнча график түзүп аны талап кылуусун сунуштайм.

Мектеп администрациясы ар бир пед кеңешмеде эскертүү берип, талапка жооп бербеген мугалимдерге тиешелүү чара колдонуп , жыйынтык чыгаруунун сунуштайм.

Мектепке жакшы көрсөткүч көрсөткөн мугалимдер белгиленип, аларга да кызыктыруучу белектер жана ардак грамоталар, сыйлыктарга көрсөтүү боюнча профсоюз уюмунун ишмердүүлүгүн күчөтүүнү сунуштайм.

**2-маселе** боюнча тарбиялык завуч Н.Эргешова мектепте тарбия багытында алып барылган иштер боюнча маалымат берди. Келген буйруктардын негизинде аткарылган иштер, даталык күндөргө карата өткөрүлгөн иштер жөнүндө айтты. Учурдагы класстардын катышуусу начар

болуп жаткандыгына байланыштуу түшүндүрүү иштерин күчөтүү керектигин белгиледи.

**СУНУШ**: К.Хусанов күндөлүктөрдүн абалын текшерүү керектигин айтты.

ОББ С.Кадыркулова ; Мектептин тазалыгын көзөмөлдөөнү күчөтүү керектигин айтты.

**3-маселе** ; 1-чейректе мектептеги окуучулардын социалдык абалы тууралуу соц педагог Ф.Адашов маалымат берди. Түшкөн билдирүүлөрдүн негизинде жүргүзүлгөн иштер тууралуу түшүндүрдү.

**СУРОО**: Х.Турабекова аз камсыз болгон көп балалуу, турмуш шарты оор үй-бүлөлөрдөгү окуучуларга кандай жардам берилди.

Суроого соц педагог жооп берип, мындай окуучуларга демөөрчүлөрдү таап иштер алып барууну күчөтүү керектигин айтты.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап отурум токтом кылат.**

**ТОКТОМ**

1. Окуу тарбия иштери боюнча 1-чейректе аткарылган иштердин абалы канааттандырарлык деп табылсын.
2. 1-чейректин жыйынтыгы боюнча отчётто белгиленген иш кагаздарын убагында толтуруп тапшырбаган мугалимдерге, пед кеңешменин чечими менен тиешелүү чара колдонуу жагы мектеп администрациясына жүктөтүлсүн.
3. Жогоруда айтылган ОББ С.Кадыркулованын сунуштарын ишке ашыруу максатында иш чараларды алып баруу мугалимдерге жүктөтүлсүн, көзөмөлдөө жагы мектептин администрациясына милдеттендирилсин.
4. Тарбия иштери боюнча 1-чейректе аткарылган иштердин абалы канааттандырарлык деп табылсын, тарбия багытындагы иш чараларды уюштурууну күчөтүү жагы тарбиялык завуч Н.Эргешовага жүктөтүлсүн.
5. 1-чейректе социалдык колдоого муктаж окуучулар менен алып барылган иштердин абалы алымча кошумчасы менен канааттандырарлык деп табылсын. Социалдык колдоого муктаж окуучулар менен иш алып барууну күчөтүү соц педагог Ф.Адашовго жүктөтүлсүн.
6. Мектепте өткөрүлгөн пед кеңешмеге жана чогулуштарга себепсиз катышпаган мугалимдерге тиешелүү чара колдонуу мектеп администрациясына милдеттендирилсин.

**Мектеп директору: У.Олкасимов**

**Катчы: М.Кодирова**